# Банктар аралык кредиттик ресурстар рыногу

*(2014-жылдын август айы)*

Өткөн айдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырганда кароого алынып жаткан мезгил ичинде банктар аралык рынокто коммерциялык банктардын ликвиддүүлүгүнүн орточо күндүк деңгээлинин 6,3 пайызга, 772,9 млн. сомго чейин көбөйүшү байкалган.

Кароого алынган мезгил ичинде банктар аралык кредиттик рынокто репо шарттарындагы операциялар жана стандарттык шарттарда улуттук валютадагы кредиттик бүтүмдөр ишке ашырылган. Мында, репо шарттарындагы бүтүмдөр орточо алынган чен боюнча жылдык 5,3 пайызда жүргүзүлгөн (-1,3 пайыздык пункт). Аталган кредиттердин көлөмү өткөн айдын көрсөткүчүнө салыштырганда 8,8 пайызга көбөйүү менен 8,4 млрд. сомду түзгөн.

Улуттук валютадагы бүтүмдөр көлөмү өткөн айдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырганда 49,5 пайызга төмөндөө менен 26,2 млн. сомду түзгөн. Бул кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган чен өткөн айдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырганда өзгөрүүсүз 9,5 пайызды түзгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде чет өлкө валютасындагы кредиттер берилген эмес.

Ошондой эле кароого алынып жаткан мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын инструменти "овернайт" кредиттерине суроо-талаптын бир аз төмөндөөсү белгиленген, алардын көлөмү 4,1 млрд. сомду түзгөн (-12,9 пайыз). Улуттук банк тарабынан белгиленген "овернайт" кредиттери боюнча орточо салмактанып алынган чен 9,0 пайыз деңгээлде сакталган.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Улуттук банк тарабынан кредиттик аукциондор базасында кредиттер 500,0 млн. сом суммасына берилген, коммерциялык банктарга 7 күндүк кредиттерди берүү 300,0 млн. сом суммасына жүзөгө ашырылган, ошондой эле бир күндүк кредиттерди – 300,0 млн. сомго сунуштоо уланып келген.

Улуттук банк, отчеттук мезгил ичинде коммерциялык банктардын каражаттарын "овернайт" шарттарында депозиттерди 14,4 млрд. сом суммасына жайгаштырууну уланткан (-21,2 пайыз).

**1-график. Ички банктар аралык кредит рыногундагы бүтүмдөрдүн көлөмдөрүнүн жана пайыздык чендердин динамикасы**




Кредиторлордун концентрациялануу индекси ай ичинде 0,72ден 0,74кө чейин, ал эми дебиторлордун концентрациялануу индекси – 0,47ден 0,65ке чейин жогорулаган. Аталган индекстердин мааниси рыноктун концентрациялануунун төмөн деңгээлин көрсөтүп турат жана рынокто бирдей үлүштөгү бир негизги кредитордун жана эки карыз алуучунун катышуусуна ылайык келет.

**2-график. Банктар аралык кредит рыногунда резидент эмес банктар менен чет өлкө валютасындагы бүтүмдөрдүн көлөмүнүн жана пайыздык чендеринин динамикасы**




Банк-резидент эместер менен чет өлкө валютасындагы кредиттик бүтүмдөр көлөмү өткөн айдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 37,1 пайызга жогорулоо менен 1,9 млрд. сомдук эквивалентти түзгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде банктар-резидент эместер менен жүргүзүлгөн кредиттик операциялар боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 1,9 пайыз деңгээлде түптөлгөн (-0,2 пайыздык пункт).

**1-таблица. Улуттук валютадагы банктар аралык кредиттердин динамикасы (мөөнөттүүлүк боюнча)**

| Мезгил аралыгы | | Жалпы | | | Анын ичинде бүтүмдөр боюнча | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 1 күнгө ч-н | | 2-7 күн | | 8-14 күн | | 15-30 күн | | 31-60 күн | | 61-90 күн | | 91-180 күн | | 181-360 күн | | | |
| | | Көлөмү (млн. сом.) | Бүтүм саны | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) |
| 2013 | 08 | 145,9 | 3 | 8,5 | | | | | | | | | | | | | | | 145,9 | 8,5 | | |
| | 09 | 297,4 | 6 | 7,8 | | | 50,4 | 4,5 | | | | | | | | | 49,0 | 8,5 | 50,4 | 8,5 | 147,6 | 8,5 |
| | 10 | 40,5 | 1 | 4,0 | | | 40,5 | 4,0 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 11 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 12 | 169,3 | 3 | 6,1 | | | | | 40,0 | 3,0 | | | | | | | 59,3 | 7,0 | 70,0 | 7,0 | | |
| 2014 | 01 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 02 | 155,8 | 3,0 | 7,3 | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 03 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 04 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 05 | 104,0 | 1 | 7,0 | | | 104,0 | 7,0 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 06 | 78,8 | 1 | 12,5 | | | | | | | | | | | | | | | 78,8 | 12,5 | | |
| | 07 | 51,9 | 2 | 9,5 | | | | | 51,9 | 9,5 | | | | | | | | | | | | |
| | 08 | 26,2 | 1 | 9,5 | | | | | 26,2 | 9,5 | | | | | | | | | | | | |

**2-таблица. Коммерциялык банктардын репо операциялары (мөөнөттүүлүк боюнча)**

| Мезгил аралыгы | | Жалпы | | | Анын ичинде бүтүмдөр боюнча | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 1 күнгө ч-н | | 2-7 күн | | 8-14 күн | | 15-30 күн | | 31-60 күн | | 61-90 күн | | 91-180 күн | | 181-360 күн | | | |
| | | Көлөмү (млн. сом.) | Бүтүм саны | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) |
| 2013 | 08 | 936,1 | 23 | 4,4 | 497,6 | 3,9 | 238,1 | 4,0 | 200,4 | 6,0 | | | | | | | | | | | | |
| | 09 | 2070,1 | 28 | 4,0 | 823,1 | 4,0 | 1247,0 | 4,1 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 10 | 1792,3 | 29 | 4,3 | 653,0 | 4,3 | 1139,3 | 4,2 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 11 | 317,5 | 12 | 4,3 | 199,0 | 4,4 | 118,6 | 4,2 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 12 | 419,2 | 6 | 4,0 | 20,0 | 3,5 | 399,1 | 4,0 | | | | | | | | | | | | | | |
| 2014 | 01 | 101,4 | 3 | 3,6 | 66,2 | 3,5 | 35,3 | 3,8 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 02 | 1626,8 | 36 | 4,9 | 508,0 | 5,3 | 1060,3 | 4,7 | 58,4 | 5,0 | | | | | | | | | | | | |
| | 03 | 2574,9 | 62 | 8,1 | 787,7 | 8,4 | 1787,2 | 7,9 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 04 | 2606,1 | 64 | 7,7 | 401,3 | 7,6 | 2056,6 | 7,6 | 148,2 | 8,4 | | | | | | | | | | | | |
| | 05 | 3035,2 | 53 | 7,5 | 620,1 | 7,7 | 2297,3 | 7,5 | 117,9 | 8,0 | | | | | | | | | | | | |
| | 06 | 6174,1 | 76 | 7,8 | 3279,6 | 8,0 | 2630,4 | 7,6 | 215,0 | 8,5 | 49,2 | 8,0 | | | | | | | | | | |
| | 07 | 7717,8 | 78 | 6,6 | 4506,8 | 6,0 | 2906,5 | 7,2 | 304,6 | 8,0 | | | | | | | | | | | | |
| | 08 | 8395,2 | 59 | 5,3 | 4598,9 | 5,1 | 3787,0 | 5,5 | 9,3 | 6,0 | | | | | | | | | | | | |